УДК: 37. 018. 26
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/1-282-290

**Койлубаева Н.К.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
koilubaeva.n@mail.ru

# ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ МЕКТЕП ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ

**Аннотация.** Учурда окуучуларды жана жаштарды тарбиялоонун абалы Кыргызстанда эле эмес, бүтүндөй дүйнө боюнча көйгөйлүү деп айтсак болот. Мындай терс көрүнүштөргө каршы туруу, алдын ала бөгөт коюу түздөн-түз билим берүү системасына тиешелүү.

Билим берүү системасы – бул ар бир адамдын келечегин түзүүдө негизги ролду ойнойт. Бул процессте мектеп, мугалим жана ата-эненин ийгиликтүү өз ара аракеттенүүсү өтө маанилүү. Ата-эне менен мектептин иш аракеттеринин ортосундагы макулдашуу баланы тарбиялоодо анын натыйжалуулугун аныктайт. Ата-эне мүмкүн болушунча мектепке жардам берип, окуу-тарбия процессинде орун алган кыйынчылыктарды жеңүүгө, көмөктөшүүгө милдеттүү. Макалада азыркы шартка ылайык ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун өркүндөтүүгө жана мектеп менен ата-энелердин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга карата сунуштар жазылды.

**Негизги сөздөр:** тарбиялоо, мектеп, үй-бүлө, ата-эне, кызматташуу, бала, педагогикалык сабаттуулук, педагогикалык агартуучулук иштер.

**Койлубаева Н.К.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
koilubaeva.n@mail.ru

# ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ШКОЛЫ И СЕМЬИ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

**Аннотация.** На сегодняшний день современное состояние образования студентов и молодежи является проблемным не только в Кыргызстане, но и во всем мире. Противодействие и профилактика подобных негативных явлений напрямую касаются системы образования.

Система образования играет ключевую роль в формировании будущего каждого человека. Решающее значение в этом процессе имеет успешное взаимодействие школы, учителя и родителей.

Согласование действий родителей и школы определяет ее эффективность в воспитании ребенка. Родители обязаны оказывать посильную помощь школе, преодолевать трудности, возникающие в образовательном процессе, оказывать содействие. В статье даны рекомендации по повышению педагогической грамотности родителей и повышению эффективности взаимодействия школы и родителей в соответствии с современными условиями.

**Ключевые слова:** воспитание, школа, семья, родители, сотрудничество, ребенок, педагогическая грамотность, педагогико-воспитательная работа.

**N.K. Koilubaeva**
Candidate of Pedagogy, assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
koilubaeva.n@mail.ru

## VZAIMODEYSTVIE SCHOOL AND SEMY IN THE EDUCATIONAL PROCESS

**Abstract.** Today, the current state of education of students and youth is problematic not only in Kyrgyzstan, but also throughout the world. Counteraction and prevention of such negative phenomena directly concerns the education system.

The education system plays a key role in shaping the future of each person. The successful interaction of the school, teacher and parents is of decisive importance in this process. Coordination of the actions of parents and the school determines its effectiveness in raising a child. Parents are obliged to provide all possible assistance to the school, overcome difficulties that arise in the educational process, and provide assistance. The article provides recommendations for improving the pedagogical literacy of parents and increasing the effectiveness of interaction between schools and parents in accordance with modern conditions.

**Keywords:** education, school, family, parents, cooperation, child, pedagogical literacy, pedagogical and educational work.

Кыргыз Республикасында да орун алган рекетчилик, бангилик, өз өмүрүнө кол салуу (суицид), наркозаттардын дарыканада ачыктан ачык сатылышы, депрессия, стресс, зордук-зомбулук, гаджеттер (компьютердик оюндар, тик-ток), соода сатыкта турган энергетикалык суусундуктар ж.б.у.с. терс көрүнүштөр, дегеле агрессивдүүлүгү жогорулаган окуучулардын жана жаштардын күчөгөнү коомчулукта көйгөй катары коңгуроо кагууда.

Бул маселелер боюнча мамлекетибизде президент С.Н. Жапаровдун 2021-жылдын 29-январында кол койгон «Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыкка уюмдар, окумуштуулар, педагогдор жана ИИМ күрөшүп келүүдө, бирок ал – натыйжасыз болууда [3]. Канткенде биз жогоруда айтылган терс көрүнүштөрдү токтотуп калабыз? Эмне кылышыбыз керек? Бул өтө маанилүү.

Жогоруда айтылгандай, окуучулардын мындай терс көрүнүштөрүнө каршы туруу, алдын-ала бөгөт коюу – бул *билим берүү системасы*на б.а. мектепке түздөн түз тиешелүү. Мектеп деген эмне? Мектеп – (араб тилинин «мактаб» деген сөзүнөн алынган) жаш муундарды окутуп-тарбиялоого чакырган билим берүүчү мекеме. Башкача айтканда, коомдун талаптарына ылайык ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн зарыл болгон билимди, тарбияны, баалуулуктарды ала турган мекеме.

Насыятталып үйрөтүлүп-окутулуп, жайылтылып жаткан адеп эрежелери, жол-жоболор, принциптер баланы курчап турган коомдук чөйрөнүн реалдуу практикасы менен ырасталып, такталышы шарт. Адеп эрежелери сөз менен эмес, көбүнчө түздөн-түз иш аракет аркылуу өздөштүрүлөт. Бала өздөрүн курчап турган жүздөгөн адамдардын турмуш-тиричилигинен, жашоонун күндөлүк агымынан, кыскасы турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн жашоо эрежелерин бекем сактаган адепти, тартипти, маданиятты, калыстыкты көрүп турса,

анда мындай атмосферада балада адептүү, ар намыстуу, активдүү атуул болуп өсүүгө шыктандырган күчтүү стимул түзүлмөк. Эгерде бала ата-энесин, бир туугандарын жакшы көрсө, башка балдарга, чоңдорго көңүл бөлүп адептүү, сый, элпек, камкор мамиле кылса, калп айтып, уурулук кылбаса, буюм-тайымдарга залака тийгизбесе анда сылыктык эрежелеринин, адеп нормаларынын жана ички сезиминин, эркинин өнүккөндүгүнүн белгиси болуп саналат [4].

Окуу-тарбия процессинин ийгилиги көбүнчө мугалимдер менен ата-энелердин тыгыз кызматташтыгынан көз каранды. Албетте мектептин, массалык маалымат каражаттарынын, чөйрөнүн тарбиясына караганда, балага үй-бүлөнүн таасири күчтүүрөөк экенин тана албайбыз. Бирок ошол эле учурда үй бүлө активдүү, чыгармачыл инсанды тарбиялоону камсыз кыла албайт. Эки коомдук институт бири-бирин толуктап турат. Башкача айтканда, үй бүлө тарбиясы менен мектеп тарбиясынын ортосундагы тыгыз байланыш болгондо гана окуу-тарбия процессинде ийгиликтер орун алат.

**Мектептин негизги заказчиги – бул ата-эне.**

Демек, алгачкы тарбия үй-бүлөдөн башталып, «уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», - демекчи адам турмуш жолунда пайдалана турган бардык маалыматтарды алгач үй-бүлөдөн алат.

А.С. Макаренко: «Баланы үй-бүлөдө туура тарбиялоо ата-эненин бактылуу карылыгы, ал эми туура эмес тарбиялоо ата-эненин кайгысы, муңу жана келечектеги көз жашы» - деп белгилейт [6, 461 с]. Чындыгында, баланын инсан катары баалуу сапаттарга калыптанышына үй-бүлө негизги орунда турат. Үй-бүлө – баланын өмүрүндөгү негиздүү фундамент, турмушка даярдоочу баштапкы аянтча, таалим-тарбия берүүчү чоң институт. Бала үйдөн алган тарбияны мектепте көрсөтөт жана ал тарбия мектепте тереңдетилип окутулат. Ал эми мектептен алган билимин үй-бүлөдө бышыктайт жана андан ары өнүктүрөт.

«Үй-бүлөдө бала жөнөкөй билим, таалим-тарбия алып, ата-энесинен тартип, тазалык, мамиле, кулк-мүнөз эрежелерин үйрөнөт, балага албууттанган аялдын бейжайлыгы сүтүнөн жукпайт, бирок жүргөн-турганы, кыжырланган мамилеси, жасаган иши баланын сезимине, каардуулуктун, коркоктуктун үрөнүн себет» деп көрсөтөт [8, 271с]. Бул учурда бала турмуштун залалдуу, ыплас көрүнүштөрүнөн терс сапаттарды, жосунсуз адаттарды да кабыл алат. Үй-бүлөлүк тарбия биринчи кезекте ата-эненин тарбиясы болушу керек. Анткени, ата-эне өздөрүнүн кадыр-баркы аркылуу баланы айлана-чөйрөнүн зыяндуу таасирлеринен коргой алат. Демек, үй-бүлөдө ата-эне сөзсүз билимдүү болушу шарт.

**Азыркы мезгилде үй-бүлөлүк тарбиядагы негизги катачылыктар:**

1. **Гаджеттердин жана технологиялардын ата-энелер менен балдардын ортосундагы байланышка терс таасири**.

Азыркы убакта ата-эне балага көңүл бурбай телефонго алаксып, көп убактысын башка нерселерге бөлөт. Бала жалгыз калуу менен өзүнө карата эмоционалдык байланыш жетишпей, виртуалдык дүйнөгө көз каранды болууда. Мындан улам өзү менен өзү болгон балада үй-бүлө менен баарлашуу жоголуп, (балдардын тилинин кеч чыгышына) коомдо өзүн эркин сезбей калышы толук мүмкүн.

2. **Эмгек миграциясы**

Көптөгөн балдар ата-энесинин мээриминен алыстап, чоң ата, чоң энесинин же башка туугандарынын тарбиясында өсүүдө. Айрым ата-энелер бала тарбиялоону толугу менен мектепке же бала бакчага жүктөп, өздөрү тарбиялоо ишине активдүү катышпайт. Бала ата-энеден руханий жана моралдык колдоону сезбей чоңоет, интернет же досторунан маалымат

издейт, колдоону күтөт. Көпчүлүк балдар кийин мерез болуп, ата-энесине көңүл бөлбөй, тил албай капа кылаары, ыймансыз болуп, сыйлабай, карылар үйүнө таштап кетери да үй-бүлөдөгү тарбиянын таасири. Чындыгына келгенде, балага ата-эненин мээриминен өткөн мээрим жок! Балдарды ар тараптан адептүү, тартиптүү кармаш үчүн, жакшы үлгү көрсөтүп, мээримдүү мамиле жасоо менен эркелетип сүйлөп, жакын мамиледе болуулары шарт.

3. **Үй-бүлөлүк баалуулуктардын өзгөрүүсү жана заманбап чакырыктар**

Салттык жана заманбап тарбиянын кагылышуусу. Салттуу тарбия системасында адептик баалуулуктарды балага калыптандыруу башкы максат болгон. Үй-бүлөлүк адептик баалуулуктар жоголуп, (мисалы: «суранам», «рахмат», «жакшы барыңыз» ж.б.) гаджеттерге, электрондук каражаттарга үй-бүлө мүчөлөрү чон кичине дебей көз каранды болуудабыз.

4. **Үй-бүлөдөгү конфликттердин терс таасири**

Ата-энелердин ортосундагы кайра-кайра адатка айланган чыр-чатактар, пикир келишпестиктер, ажырашуулар баланы психологиялык жактан жабыркатып, балдарда өз оюн жеткире албоо, түнт болуу, кооптонуу, өзүн күнөөлүү сезүү, өзүнө ишенбөөчүлүк ж.б.у.с. сапаттар калыптанууда. Бекем үй-бүлө − коомдогу идеал, маанилүү баалуулуктардын бири.

5. **Катуу авторитаризм**

Ата-эне өтө катуу көзөмөл кылып, балага эч кандай тандоо мүмкүнчүлүгүн бербей, уруп-жазалоо методун колдонот. «*Кулдук тартип кулдук мүнөздү жаратат» дегендей бала* коркок же өзүнө ишенбеген болуп чоңоет. Бала үчүн ата-эне күзгү жана үлгү болуусу зарыл, бала ата-энеге карап калыптанат, өзүн түздөйт. Ошондуктан балага таасир этүүчү, өнүктүрүүчү чөйрөлөрдү уюштуруу зарыл.

Демек, үй-бүлөлүк тарбиядагы орун алган жогорудагыдай айрым бир катачылыктарды жоюу жолдорун *мектеп жана үй бүлөнүн өз ара аракеттенүү педагогикасы аркылуу* чечишибиз керек.

**Мектеп менен ата-эненин өз ара аракеттенүүсүнүн максаты** – окуу-тарбия процессинин катышуучуларынын ортосунда өнөктөштүк мамилелерди түзүү, ата-энелерди мектеп жашоосуна тартуу менен мектептин окуу-тарбия берүү процессине тиешелүүлүгү жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу. Мектеп менен ата-эненин тыгыз байланышта, заманбап талабына ылайык иш алып баруусу бала үчүн абдан маанилүү жана ийгиликтүү. С.О.Байгазиев: «Эгер адам баласы өзү ич жагынан кайра курулуп, пейили тазаланып, өзүнүн ички өзөгү жагынан өркүндөп чыкпаса, шашылыш тышынан жасалган революциялар, төңкөрүштөр, реформалар жарытылуу натыйжа бербейт экен. Илимий-техникалык прогресс, экономикалык-материалдык жетишкендиктер өзүнөн-өзү адамды адам кылып, апакай кылып жибербейт экен», - деп тарыхтын тажрыйбасы көрсөткөнүн айткан [1, 30-б]. Эгерде ата-эне баланын мектеп турмушуна катышпаса, мугалимдин бардык акыл-насаат сөздөрү жана күч аракеттери биз каалаган натыйжаны бербейт. Албетте, ата-эне мугалимге, мектепке, окуу-тарбия процессине позитивдүү мамиле жасоо менен балага үй-тапшырмасын аткарууга, ар кандай кырдаалда жүрүм-түрүм эрежелерине, баарлашуу маданиятына ж.б. иш-аракеттерге үйрөтүү менен окуучулардын тарбиясын жакшыртып, билим сапатын жогорулатуу аркылуу мугалимге жардам бере алат. Бул учурда мугалим ата-энелер менен биргелешип иш аракеттерди жүргүзүүдө өзүн кесипкөй, компетенттүү адис болушу менен баарлашуунун активдүү катышуучусу катары көрсөтүүсү керек. Мугалим ата-энелер менен жолугушууда ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн, жеке муктаждыктарын эске алуу менен маалымат берүү аркылуу ата-энелердин мектепке болгон кызыгуусун арттырып, баарлашуу территориясына тарта билүүлөрү шарт.

Мугалим менен ата-эненин өз ара аракеттенүүсү бул,

- үзгүлтүксүз диалог жүргүзүү (конструктивдүү жана деструктивдүү)
- ата-энелер менен бирге иш-чараларды өткөрүү (интерактивдүү ыкманын негизинде)
- ата-энелерге карата жүргүзгөн агартуучулук иштер б.а. ата-энелерге педагогикалык кеңештерди, жардамдарды берүү аркылуу ишке ашат.

1. **Ата-эне менен мектептин байланышы**

Мугалимдер менен ата-энелердин байланышы – бул өз ара бири-бирин түшүнүшүүгө карай кадам, ишенимге ээ болуу, мугалимдердин жана ата-энелердин билимдерин алуу, аны бири-бирине өткөрүп берүүсү. Б.а. үзгүлтүксүз диалог, окуучуларды колдоо. Мугалимдер ата-энелер менен баарлашууда *конструктивдүү жана деструктивдүү* диалогдун өзгөчөлүктөрүн билип алуусу шарт.

*Конструктивдүү диалог – бул эмне жана аны кантип өткөрүү керек*?

Конструктивдүү диалог – бул себептерди, кемчиликтерди таап, жолго коюу, окуу-тарбия процессин мыктылоо, адамдардын ортосунда өз ара түшүнүшүүнү орнотууга мүмкүндүк берген, инсандар аралык баарлашуунун бир түрү. Мындай баарлашууда эки тарап тең жумуш ордундагы этикалык нормаларды сактоо менен так аргументтерди колдонот. Конструктивдүү диалог жүргүзүү менен тараптардын ортосундагы мамилелер алдыга өсүп, топ өнүгө баштайт [9].

**Конструктивдүү диалог жүргүзүүнүн эрежелери жана ыкмалары:**

*Биринчиден,* ар бир сөз маанилүү экенин эстен чыгарбоо керек. Сөздөрдүн жөнөкөйлүгү адамдардын ортосундагы түшүнбөстүктөрдөн качууга жардам берет.

*Экинчиден,* агрессивдүү үн жана жеке кол салуулардан алыс болуңуз, анткени бул конструктивдүү диалогдун бузулушуна алып келет. Эгерде эмоциялар күчөп баратса, анда сиз өз сөзүңүз жөнүндө ойлонуп, бир аз тыныгуу алып, тең салмактуу позиция менен диалогко кайтсаңыз болот.

*Үчүнчүдөн,* маектешиңизди угууну унутпаңыз, анын көз карашын түшүнүүгө аракет кылуу керек. Туура түшүнгөнүңүзгө ынануу үчүн укканыңызды кайра айтып берүүгө аракет кылыңыз. "Парафраза" ыкмасын колдонуу да пайдалуу. Парафраза ыкмасы кантип иштейт? Парафраза же перефразалоо, укканыңызды өз сөзүңүз менен кайра айтып берүү.

*Төртүнчүдөн,* ачык суроолорду берүү. Ачык суроолор башка ата-энени ойлонууга жана талкууну тереңдетүүгө түрткү берет.

**Деструктивдүү байланыш** – терс натыйжаларга жана мамилелердин бузулушуна алып келген адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүү процесси.

- *тараптардын бирөөсү өз позициясынан кайтпай, карама-каршы тараптын кызыкчылыгын толугу менен четке кагып жатса; Меники туура, мен өз оюмдан кайтпайм ж.б.*
- *тараптардын бирөөсү каршылашууда абийирге шек келтирүүчү ыкмаларды колдонуп, атаандашын психологиялык жактан аны кемсинтүү менен басмырлоого аракет жасап, психологиялык жактан жабыркатып жатса.*

Ата-энелер менен мындай пикир алышууда бири-бирибизди укпай, алардын оюн жана сезимдерин сыйлабай, кемсинтип, коркутуп-үркүтүп, маселенин конструктивдүү чечимдерин издебейбиз.

**Муну кантип оңдоо керек?**

Деструктивдүү баарлашууну туура, конструктивдүү баарлашууга айландыруу үчүн төмөнкү сунуштарды колдонсоңуз болот:

**1. Бири-бириңизди угуңуз.** Маектешип жаткан адамыңыздын сөзүн бөлбөй, анын пикирине жана сезимине көңүл буруу жана урматтоо маанилүү.

**2. Өзүңүздүн оюңузду жана сезимдериңизди конструктивдүү түрдө билдириңиз.** "Мен" билдирүүлөрүн колдонуңуз жана айыптоодон, кемсинтүүдөн алыс болуңуз.

**3. Компромисстерди издеңиз.** Компромисс б.а. ийкемдүүлүк, макулдашуу сыяктуу биргелешип иштөөчү алгачкы кадамды түзүп берүү менен чечилиши керек. Себеби, компромисстин негизинде каршылаш тараптар достошуп кетпесе дагы, бир аз да болсо душмандыктан алысташат.

**4. Эмпатияны колдонуңуз.** Өзүңүздү башка адамдын ордуна коюуга жана анын көз карашын түшүнүүгө аракет кылыңыз. Ата-эненин баланын мектептеги иштерине катышуусун, анын жыргалчылыгына жана ийгилигине болгон кызыгуусун оң көз караш та белгилеңиз.

**5. Терс эмоциялардан алыс болуңуз.** Эгер сүйлөшүү терс болуп баратканын сезсеңиз, азыр токтоп, экөөңүз тең тынчып калгандан кийин сүйлөшүүнү улантууну сунуштаңыз.

**6. Байланыштын максатын эстеңиз.** Баарлашуунун максаты өзүңүздүн туура экениңизди далилдөө эмес, маселенин чечүү жолун табуу же өз ара түшүнүшүү экенин эстен чыгарбоо керек. Кесиптик позицияны сактап, балдардын кызыкчылыктарына көңүл буруңуз.

**7. Позитивдүү сөздөрдү колдонуңуз.** Маектеште терс эмоцияларды пайда кылбаган позитивдүү сөздөр менен өз оюңузду жана сезимдериңизди билдирүүгө аракет кылыңыз.

Демек, конфликттүү ата-эне баарлашууда мугалимдин позициясы кесипкөй, достук мамиледе болушу керек, бардык балдардын кызыкчылыктарын жана мектептин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, анын милдети мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы кызматташтыкты түзүү болуп саналат [9].

**Конструктивдүү эмес диалогдун мисалы :**

*Ата-эне:* Эмне үчүн менин уулум класста сиздин предметиңизден начар баа алганын түшүндүрүп бериңизчи! Эмненин негизинде аны начар студент кылып жатасың?!

*Мугалим*: Сизден суранам, мени менен андай үн менен сүйлөшпөңүз! Балаң эч нерсеге маани бербеген жалкоо, аны жакшыраак тарбиялашың керек болчу.

**Конструктивдүү жооп :**

*Мугалим:* Саламатсызбы, келгениңиз жакшы болду! Мен анын окуудагы жетишкендигине да кабатыр болом. Мына анын чыгармалары, тилекке каршы, билим сапаты жетишпейт. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуз?

*Биринчи учурда* мугалим окуучуга да, анын апасына да терс баа берип, мамилелерди конфликттик тактоого активдүү аралашкан. Мугалим да, ата-эне да баланын академиялык жетишкендиктери менен көйгөйдү чечүү үчүн эч кандай чечимди сунуштабайт. Мындай учурда кырдаалдан чыгуунун конструктивдүү жолу табылбай турганы айдан ачык. Сыягы, чыр-чатактар жаңы иш-аракет же жаңы чагымчыл окуя болгонго чейин өчөт же өчүп калат. Кыязы, бир нече айдан кийин, акыркы баа келгенде, активдүү ата-эне кайра арыздар менен келет.

*Экинчи учурда* мугалим дароо эле өзүнүн позициясынын конструктивдүүлүгүн көрсөтүп, баланын кызыкчылыктарына көңүл бурат. Ал ата-эненин мектеп жашоосуна катышууга болгон каалоосун кокусунан жана оң баалайт, карама-каршы тонду тоготпойт. Баланын окуудагы жетишкендиктерине объективдүү баа берүү менен, ал эч кандай түрдө анын жеке сапаттарын мүнөздөбөйт. Акыр-аягы, ата-энени көйгөйдүн жолун табууга активдүү чакыруу менен, ал аны жалпы максатка – баланын ийгиликтүү окуусуна жетүү үчүн өнөктөш кылат. Андан кийин диалогду бийик тондордо улантуу дээрлик мүмкүн эмес болуп калат.

**2. Окуу-тарбиялык иш-чараларды ата-энелер менен бирге өткөрүү (интерактивдүү ыкманын негизинде):**

Педагогикалык темадагы ата-энелер чогулуштары, документалдуу видеофильмдер, видеороликтер, диспуттар, тренингдер, семинарлар, конкурс, суроо-жооп кечелер, жолугушуулар ж.б. иш-чаралар жаңы технологиялар менен интерактивдүү ыкманын негизинде коштолсо, ата-энелер үчүн өтө жугумдуу жана натыйжалуу болуп, алардын педагогикалык маданиятын жогорулатуунун бирден-бир кызыктуу формасы болуп бермек. Б.а. ар бир өткөрүлгөн иш чара ата-энелерди талкууга тартып, алардын ой-пикирлерин угуу менен жыйынтыкталышы ыңгайлуу. (Ватман, маркер, актуалдуу тема, окумуштуулардын цитаталары) Бул иш-чаралар ата-энелердин тарбиялоодогу жоопкерчилигин, чеберчилигин, педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу менен мектеп жана ата-энелердин ортосундагы мамилелерди бекемдөөгө түздөн-түз негиз болуп саналат

- *ата-энелер чогулушу* – тегерек стол түрүндө, тематикалык дискуссия, ата-энелердин тажрыйба алмашуусу түрүндө өткөрсө болот ж.б.;
- ата-энелер үчүн лекциялар – ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүүгө, алардын үй-бүлө таалим-тарбиясындагы педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатууга, балдарды тарбиялоо боюнча билим берүүчү мекемелер менен үй-бүлөнүн бирдиктүү мамилелерин калыптандырууга багытталат;
- суроо-жооп кечесин уюштуруу, телекоммуникациялык компьютердик конференциялар жана проектер;
- ата-энелер үчүн ачык сабактар, ачык эшиктер күнүн уюштуруу;
- үй-бүлөлүк тажрыйбаны презентациялоо – алдыңкы үй-бүлөлөрдүн тажрыйбаларын жайылтуу боюнча ата-энелер менен иштөөнүн формасы. Мугалим алдын ала өз тажрыйбасын сунуштаган ата-энелер менен баарлашып, башка ата-энелер үчүн кызыктуу жана пайдалуу тажрыйбаларды макулдашып, эмне жөнүндө айтып бере тургандыгын аныктап алат. Айтылуучу ойдун кыскача планын биргеликте түзүшөт, ар кандай сүрөттөр менен видеоматериалдарды колдонсо да болот.
- педагогикалык темадагы видеофильмдер, аларды талкуулоо – азыркы учурда атайын педагогикалык темага арналган фильмдер өтө аз, ошого карабастан мугалимдин милдети өтүлүп жаткан лекциянын темасына ылайык фильмдердеги педагогикалык жагдайлардан кыскача үзүндүлөрдү ата-энелерге көрсөтүүгө болот. Анда педагогикалык проблемалардын мааниси образдуу түрдө ачылып берилген: көрүүчү өзүн болуп жаткан окуяга кошо катышып жаткандай сезет жана ошол эле учурда фильмдеги каармандардын кылык жоруктарын анализдеп жатып өзүн, өзүнүн балдарынын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн кылык жоруктарын, жасаган иштерин анализдей алат.
- ата-энелердин диспуттары – педагогикалык диспут бул педагогикалык маданиятты жогорулатуунун бирден-бир кызыктуу формасы. Диспуттун өзгөчөлүгү коюлган проблеманы талкуулоого бардык катышуучуларды тартуу, топтолгон тажрыйбага жана ээ болгон көндүмдөргө таянып фактыларды жана кубулуштарды ар тараптан анализдөө билгичтиктерин иштеп чыгууга түрткү болот.
- ата-энелер үчүн тренингдерди, семинарларды өткөрүү, мугалимдер менен үзгүлтүксүз жолугушууларды ж.б. иш чараларды уюштуруу; М: Г. Мадаминовдун «Ата-энелер мектеби» деген республикалык денгээлдеги тренингдери жакшы натыйжа берүүдө [5].

Мындай тренингдерге чек болбой улантылышы зарыл. Мектеп менен ата-энении өз ара аракеттенүүсү ар кандай кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, баңгиликтин, агрессивдүүлүктүн ж.б. алдын алат.

3. **Ата-энелерге карата жүргүзүлгөн педагогикалык агартуу иштери (ата-энелерге педагогикалык кеңештерди, жардамдарды берүү)**

**Педагогикалык агартуу ишинин негизги максаты:**

Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилигин күчөтүү, тарбия берүүчүлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында ата-энелерге педагогикалык кеңештерди, жардамдарды берүү менен агартуучулук иштерди жүргүзүшүбүз шарт. Ата-энелер өздөрү да балдарды тарбиялоодо мугалимдердин жардамы аркылуу билимин өркүндөтүүгө жана өздөрүн өнүктүрүү зарылдыгын сезишет. М. ата-энелер жыйналышында балдарды тарбиялоо, окутуу ыкмалары, ата-эненин милдеттери, баладагы терс мүнөздөр, терс сапаттардан арылуунун жолдору, баланын шыгы, кызыгуулары, курактык өзгөчөлүктөр ж.б. маселелер боюнча ата-энелерге педагогикалык жардамдарды беришибиз керек.

Мугалим менен ата-эненин тыгыз байланыштагы баарлашуусу, биргелешип өткөргөн тарбиялык иш-чаралары, мугалим тараптан берилген агартуучулук кеңештер, жардамдар үзгүлтүккө учурабай, системалуу жүргүзүлсө жыйынтыгында: педагогикалык сабаттуулукка ээ болгон ата-энелер максат менен милдеттерди туура коюуга, тарбиялык иштин форма жана методдорун тандоого, жаш курактык өзгөчөлүктөргө тиешелүү болгон иш аракеттерди жүргүзө алууга жөндөмдүү болушат.

**Демек, ата-энелердин педагогикалык компетентүүлүгү бул** – ата-энелердин педагогикалык иш аракетти аткаруудагы билим, билгичтик, көндүмдөргө жана тажрыйбаларга ээ болуусу. Б.а. педагогикалык маданияты, педагогикалык сабаттуулугу, ата-энелик милдетти сезе билүүсү.

Ата-энелерди педагогикалык жактан компетентүү болушун агартуу ата-энелер менен мектептин бирдиктүү ишин жаңы багытта уюштурууну камсыз кылат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Байгазиев С. О.** Инсандын ич жактан жаңылануусунун зарылдыгы. – Бишкек, 1998. – 30 б.
2. **Койлубаева Н. К.** Энелик педагогиканын мааниси // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2010. – № 1. – С. 103–105.
3. **Кыргыз Республикасынын Президенти.** Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө: Жарлык. – 2021-жылдын 29-янв.
4. **Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы** // Кут билим. – Бишкек, 2010. – 20-авг.
5. **Мадаминов Г.** Ата-энелер сиздер үчүн. – Бишкек, 2017.
6. **Макаренко А. С.** О воспитании. – Москва, 1989. – 461 с.
7. **Сухомлинский В. А.** Мугалимге жүз насаат. – Фрунзе: Мектеп, 1987.
8. **Ушинский К. Д.** Проблемы педагогики. – Москва: УРОА, 2002. – 271 с.
9. **Конструктивная критика** [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://azbyka.com.ua/ky/konstruktivnaya-kritika/


**Рецензент: кандидат педагогических наук, доцент Бектуров Т.М.**